*УДК 392*

*Бөкөшов Ж /КЫРГЫЗСТАН/*
*Бокошов Ж. /КЫРГЫЗСТАН/*
*Bokoshov Zh. /KYRGYZSTAN/*

# САЛТТУУ МАДАНИЯТ ЖАНА УЛУТ КИМДИГИ
# ТРАДИЦИОННАЯ КУЛЬТУРА И НАЦИОНАЛЬНАЯ ИДЕНТИЧНОСТЬ
# TRADITIONAL CULTURE AND NATIONAL IDENTITY

**Аннотация.** Бул макалада улуттун кимдигин аныктоодо салттуу маданияттын мааниси изилденет. Улуттун салттуу маданияты анын өзүн кандайча калыптандырарына, таанып-билерине жана башкаларга кандайча көрсөтөрүнө түздөн-түз таасир этет. Макалада салттуу маданият менен улуттук кимдиктин байланышынын философиялык-методологиялык аспектилери талданат. Мындай байланышты илимий-теориялык изилдөө үчүн убакыт ченемин аныктоо зарылчылыгы баса белгиленет, анткени философия (онтология) болмуш маселесин убакыт менен ажырагыс карайт. Улуттун болмушун тарыхый алкакта түшүнүү да убакыттын өткөн, азыркы жана келечек ченемдерин бирге кароону талап кылат. Салттуу маданият тарыхый жагдайга жараша өнүгүп-өзгөрүп турса да, анын өзөгүн сактаган өзгөчөлүгү улуттун кимдигин айгинелеп, муундан муунга өтүп келет. Ошондуктан, экономикалык, технологиялык, экологиялык, саясий жана социалдык жагдайлар менен бирге салттуу маданият менен улут кимдигин эриш-аркак кароодо онтологиялык негиздерге көңүл буруу чоң мааниге ээ. Макалада теориялык маселелер кыргыз маданиятынын мисалында чечмеленет.

**Негизги сөздөр:** салттуу маданият, улуттук кимдик, улуттук болум, убакыт, кыргыз маданияты, музыкалык салт, тарыхый шарт, келечекти ойлонуу.

**Аннотация.** В определении и изучении национальной идентичности одним из необходимых условий является понимание связи ее сущности и содержания с национальной традиционной культурой. Традиционная культура народа в контексте исторических условий и социальной судьбы оказывает непосредственное влияние на формирование и осознание национальной идентичности, на манифестации и демонстрации такой идентичности во внешнем мире. В данной работе некоторые аспекты взаимосвязи традиционной культуры и национальной идентичности рассматриваются в философско-методологическом ключе. Подчеркивается, что научно-теоретический анализ природы и содержания такой взаимосвязи прежде всего требует осмысления ее временных измерений. Философия (онтология) утверждает неразрывную связь проблемы бытия с вопросом о времени, считает, что время является горизонтом понимания бытия. Важным условием постижения национального бытия в историческом контексте выступает рассмотрение его в единстве с такими измерениями времени, как прошлое, настоящее и будущее. Безусловно, что в зависимости от исторических условий сама традиционная культура постоянно трансформируется, обновляется. Сохранение собственной сущности и основных особенностей этой культуры как ядро исторического процесса определяет идентичность носителей этой культуры, укрепляется и обогащается постоянно. В самоопределении нации, в ее отношении с окружающим миром бытийная основа ее исторического развития постоянно воспроизводится, передается от поколения к поколению через механизмы традиции, присутствует в том, как отвечает нация на вызовы времени, как определяет свое историческое место в мире. Поэтому наряду с экономическими, технологическими, экологическими, политическими, социальными и другими факторами важное значение имеет осознание онтологических основания неразрывной взаимосвязи традиционной культуры и национальной идентичности. В работе эмпирической базой обсуждения теоретических вопросов выступает кыргызская национальная культура.

**Ключевые слова:** традиционная культура, национальная идентичность, национальное бытие, время, кыргызская культура, музыкальная традиция, исторические условия, мышление о будущем.

**Abstract.** In defining and studying national identity, one of the necessary conditions is to understand the connection of its essence and content with the national traditional culture. The traditional culture of a nation in the context of historical conditions and social destiny has a direct impact on the formation and realization of national identity, on the manifestations and demonstrations of such identity in the outside world. In this paper some aspects of the relationship between traditional culture and national identity are considered in a philosophical and methodological way. It is emphasized that the scientific-theoretical analysis of the nature and content of such a relationship first of all requires comprehension of its temporal dimensions. Philosophy (ontology) asserts the inseparable connection between the problem of being and the question of time, and believes that time is the horizon of understanding of being. An important condition for comprehending national being in the historical context is to consider it in unity with such dimensions of time as past, present and future. Of course, depending on historical conditions, traditional culture itself is constantly transformed and renewed. Preservation of its own essence and the main features of this culture as the core of the historical process determines the identity of the bearers of this culture, is constantly strengthened and enriched. In the self-determination of the nation, in its relationship with the surrounding world, the being basis of its historical development is constantly reproduced, transmitted from generation to generation through the mechanisms of tradition, is present in the way the nation responds to the challenges of time, how it defines its historical place in the world. Therefore, along with economic, technological, environmental, political, social and other factors, it is important to realize the ontological basis of the inseparable relationship between traditional culture and national identity. In this paper, the empirical basis for the discussion of theoretical issues is Kyrgyz national culture.

**Key words.** traditional culture, national identity, national being, time, Kyrgyz culture, musical tradition, historical conditions, thinking about the future.

XX кылымда кыл чокусуна жеткен жер жүздөшүүнүн сүрүшү адамзат жашоо-турмушунун бардык тармагын камтып, ошону менен бирге улут кимдиги тууралуу маселени да кабыргасынан койду. Баары бири бири менен байланышкан, бирине бир көз каранды доордо ар бир эл, улут өзүнүн ким экенине, ким болоруна кам көрүшкө аргасыз болду. Улут кимдигин аныктоодо, талдап-баалоодо анын салттуу маданият менен байланышкан маани-мазмунун аңдап-билүү зарыл шарттардын бири болуп эсептелет. Улуттун салттуу маданияты тарыхый жагдайга жана коомдук тагдырга жараша ал улут өзүнүн кимдигин кандайча калыптандырат, кандайча таанып-билет жана башка тараптарга кандайча көргөзөт, таанытат- ушуга тикеден тике таасир этет, катышат. Салттуу маданият менен улуттук кимдик маселесинин ортосундагы байланыштын табиятын жана мазмунун илимий-теориялык жактан изилдөө ири алдыда убакыт ченемин аныктоону талап кылат. Философия (онтология) илгертен эле болум маселесин убакыт маселеси менен ажырагыс түрдө карайт, убакыт болумду түшүнүүнүн горизонту деп эсептейт. Улут болумун тарыхый алкакта аныктап-талдап түшүнүү да убакыттын өткөн, азыркы жана келечек ченемдерин бирге кароону маанилүү шарт катары талап этет.

Адегнде эле салттын маңызын аныктоодо анын тарыхый мүнөзүн белгилеш зарыл. «Тарых» десе эле сөзсүз миңдеген, кылымдаган ченемди алыш жарабайт. Салттын өмүрү- жаралышы, пайда болушу, сакталышы, таралышы, унутулушу же өзгөрүп, башка кейипке оошу- булардын ырааты менен жүзөгө ашашы белгилүү бир мөөнөттү ээлейт (2). Ушу мааниде салт табиятынан убакыт, тарых менен чырмалыша байланышкан. Албетте, мындай карым-катыш ар кандай алкакта каралышы ыктымал. Маселен, традиционализм агымында, француз ойчулу Рене Генондун ( 1887- 1953) жана анын жолун жолдогондордун ой- пикиринде «салт» жана «азыркы» деген түшүнүктөр

таптакыр өзгөчө бааланып- ченелет. «Азыркы» аталган коом антикалык доордон баштап, учурдагы Европа цивилизациясын кучагына камтыса, «Салт» (атайлап баш тамга менен жазылат) кайсы бир кыязда чыгыш цивилизацияларында сакталып калган, бирок учу- түбү бизге дайын байыркы доордон мурунку нечендеген кылымдарды камтыган, адамзат цивилизациясынын сырдуу- сыйкырлуу узак мезгилин туюнтат (4). Ал эми үй- бүлөлүк же корпоративдик салт бир нече жылдар менен гана ченелиши мүмкүн. Демек, салт менен убакыттын байланышы ар кыл ченемде болушу түшүнүктүү. Бирок, айныгыс нерсе ушу- «салт» дегендин өзүндө «узак мезгилдин» деми жана изи турат.

Томас Манндын романында («Лотта Веймарда») Гёте (1749- 1832) минтет: «Арийне, салтты туура түшүнгөн кишиге миңдеген жылдардын деми салт менен да байланышкан. Салтты илимгөйлүк, тарыхый билимдер аркылуу колдогусу келишет. Бул- келесоолук, мунун дал өзү салтка каршы келет эмеспи! Салтты кабыл аласың да, ошол замат ага кайсы бир нерсени кошосуң, же болбосо нагыз сынчыл филистер сыяктуу салтты таптакыр четке кагасың». «Келесоолук» деп, балким, улуу акын катуурак кеткендир. Арийне, салтты илим жолунда изилдеш зарыл, анын тарыхын билбей табиятын түшүнүш кыйын. Деген менен, Гётенин айтканында салттын болумуна (онтологиялык негизине) тиешелүү терең ой ырасталган: салт «берилет» ( «жогортон» дейбизби, «өткөндөн» дейбизби, «ата- бабадан» дейбизби, айтор, биз аны түзбөйбүз, курабайбыз, ал толук, бүтүн кейипте өткөндөн бери келет), биз аны «кабыл алабыз», моюндайбыз, мурастайбыз, аны менен эсептешпей коё албайбыз; бирок, «ошол замат» каалайбызбы- жокпу, билиппи- билбейби, өз турмушубузга, тажрыйбабызга, ой- түшүнүгүбүзгө тиешелүү «бир нерселерди» кошобуз, азыркынын кайсы бир касиеттери, белгилери азбы- көппү, салтка кошулуп кетет, ансыз болушу мүмкүн эмес; же филистердин ( билими тайыз, акылы тар киши) беткабын кийип, обу жок нигилисттин жолуна түшүп, салтты «таптакыр» танабыз, четке кагабыз.

«Тарыхтын» өзү салтка таянат. Салттын өзү «тарыхты» жүктөй келет. Салттын өз тарыхы болот: качан, кантип жаралганы, башындагы жана кийинки кейип- келбети, ага байланышкан окуялар. Бирок, салттын «карандай тарыхы» өзүнчө түзүлбөйт, ал өзүнчө тарыхты түзбөйт. Тигил же бул салттын тарыхы болуп өткөн окуя, иштердин бой- тулкусунда сакталып, ошолор туурасындагы баян, эскерме, аңыз, уламыштарда кыйыр айтылып, аны «таза түрүндө» көрүш үчүн атайын рефлексия, белгилүү бир логикалык- концептуалдык аспаптардын аркасында деконструкция жана реконструкция жасаш талап этилет.

Салт карандай өткөн мезгилдин энчиси эмес. Салт чындыгында «азыркынын» салты болот. Башкача айтканда, кайсы бир иш- аракет жолу, ыгы, кейпи таптакыр унутулуп калбай, жараксыз болбой, азыр жашаса, сакталса, аткарылса, ал «салт» эсептелиши мүмкүн. Демек, кеп «өлүк» салт эмес, «тирик» салт жөнүндө жүрүп жатат. Сёрен Кьеркегор (1813- 1855) айтмакчы «Азыркыга тиешеси жок өткөндү эстеп да кереги жок» ( 5, 26- бет). «Азыркынын» кайсы бир талап- мүдөөсүнө ылайык келген, «азыркыга» кызмат кылган, өзүнүн маани- мазмунун бери болгондо символикалык кыязда (шаани- шарапат кейпинде) сактап калган иш- аракет салт саналат. Салттын салт экени азыркы учурдун алкагында, кыйырында билинет, аныкталат, айгине болот. Адам баласы жашап жаткан дүйнө, башынан кечирип жаткан турмуш «азыр, ушунда» бар, өтүп жатат, болот. Ал эми анын боюнда, тулкусунда салтка айланган, салт турпатын алган нерселер сөзсүз жашайт. XX кылымдын айтылуу философу Мартин Хайдеггердин ( 1889- 1976) айтканын бир аз жайдары тил менен кайталасак, чыныгы салт бизге учурдагыны көргөзөт, биздин ой-санаабыз бурулган нерсе менен эриш- аркак турат, кербенче төөгө жүктөп келе жаткан өткөн доорлордун олжосу эмес, буту-колубузду тушабай, тескерисинче, бизди көп түйшүктөн бошоткон, бизге жол көргөзүп, багыт берген, келечекке жарыгын чачкан дем- күч (6, 381- бет). Атактуу француз философу жана социологу Эдгар Морен (1921) азыркы илим- билим өзү менен өзү болуп, тумчуланып алганы аны эркин ойломдун мейкининен алыстатат деп эсептеп, өткөнгө жана болочокко койнун кенен ачканда гана кедерине кетпей (кри-

зиске учурабай), өз вазийпасын ойдогудай аткара алат эле деп кейийт. Батыштын азыркы ал- акыбалына кейип, байыркы гректерден калган салттан четтеп, космос, тагдыр, чындыктын апориялары ( чатыштары) жатында ойлонбой калдык деген тыянагын негиздейт. «Дүйнө азап- тозокту башынан кечирип жатса, философтор Эдип комплекси тууралуу талаш- тартыш менен алек болуп, «жашоо дүйнөсүн» (Гуссерлдин (1859- 1938) феноменологиясынан тамырлап чыккан түшүнүктөрдөн) жашоосуз жана дүйнөсүз талдоого аракет кылып жатышат» деп сындайт (6, 34- бет). Демек, «жашоо дүйнөсү» аталганы менен «жашоосу» да болбосо, «дүйнөсү» да болбосо, ал бир алдамчы элес, адаштырма иллюзия, көңдөй түшүнүк, беймаани сөз болуп жатпайбы. Морен биздин темага тиешеси бар мындай жагдайды мисалдайт: мексикалыктардын жүгөрүдөн тамак даярдаганын антропологдор магиялык ырым- жырым менен гана байланыштырып карап келишкен. Кийин бу тамактын организмде лицинди, пайдалуу затты иштеп чыгарын ачышкан соң, мексикалыктардын такай жүгөрү менен азыктанышы бекеринен эмес экенин түшүнүшкөн. Көрсө бизге «түшүнүксүз» ырым- жырымдын өзүндө баалуу билим тунуп калган болушу толук ыктымал экен. Морен муну ХХ1 кылымдын парадоксу эсептеп, көөнө маданиятты сактап, коргоп туруш, ошол эле учурда аны «ачып», кайрадан аңдап-баалап караш зарыл экенин белгилейт (6, 68- бет).

Салт азыркынын мейкининде жашайт. Азыркы салтка таянат. Экөө биримдикте турат, өтмө катар байланышта. Ошол эле кезде экөөнүн карым- катышы шайма- шай, бир кылка, кынтыксыз эмес. Салт дегенде өткөндү, эскини ойлойбуз, ал эми учур жаңынын, өсүп- өнүгүштүн шериги деп эсептейбиз. Салт артка тарткандай, учур алдыга сүйрөгөндөй. Салт өз өкүмүн өксүбөй жүргүзгөндөй, өз талабын таңуулагандай, ал эми азыркы учур андан качкандай, аны бузуп- жарып, өзү үстөмдүк кылышка күч үрөгөндөй көрүнөт. Мындай татаал карым- катышты дыкат иликтеп, чебер талдаш талап этилет. Ницшенин ( 1844- 1900) айтымында «философия азыркыга ар дайым туура келбейт». Эгер философиянын адам болумунун, турмушунун түпкүлүктүү негиз, касиеттерин баамдап- баалап түшүнүшкө кастарын тигерин эске алсак, анда Ницшенин кебин кеңири метафизикалык алкакта карап, «азыркы» атангандын өзүнүн тамыры илгеркиде экенин, өзүн болочокко болжоп жасап- түзөрүн түшүнөбүз. Ошон үчүн философия өзүн «азыркы» менен чектебейт, тигил же бул учурдун алкагына камалбайт. Доорубуздун көрүнүктүү социологдорунун бири Бруно Латур азыркы илим жана техника маселелерин изилдеген бир эмгегин «Жаңы мезгил болгон эмес» ( орусча котормосунун дагы бир варианты «Биз эч качан азыркы эмеспиз») деп атаган. Дүйнөлүк тарыхта Орто кылымдардан соң орун алган, акыл- эстин, илим- билимдин доору эсептелген, аягы азыркыга чейин чубалган тилке «Жаңы мезгил» ( «Модерн») деген энчилүү ат алганын окумал журт жакшы билет. Латур азыркы илим- техниканын ал- абалын коом турмушу менен эриш- аркак карап иликтешке ниет кылганы, натыйжада көнүмүш ой- түшүнүктөрдүн алкагынан чыгып, жаңы теориялык көз караш жаратканы аны «азыркы» түшүнүгүн сын элегинен өткөрүш зарылдыгына алып келген. Ал эми Мишель Фуко (1926- 1984) бир чети ашмалтайы чыккандай көрүнгөнү менен тереңдеп иликтесек ошо Жаңы мезгилдин түркүгүндөй оомат күткөн «агартуу» түшүнүгү да үстүрт чечмеленип, кунарынан жанбай, жаңы маани- мазмун аларын айгинелейт. Муну Канттын ( 1724- 1804) атактуу «Агартуу деген эмне?» аталган чыгармасын талдай келип, «агартуу» дегенде кеп тек гана элди билимге кандырып, калың журтка илим жайылтыш, калайык- калктын сабаттуу болушуна шарт түзүш эмес, адамдын өз акылы менен жашап, кылган- эткенинде жоопкерчиликти өзүнө алып, кичине балача ар нерсеге шылтабай, чоң кишиче өз алдынча ойлоно билиши тууралуу болуп отурганын өзүнүн аңызга айланган лекцияларында саймедиреген. Демек, «азыркы» дегенибиздин баары эле жаңы, мыкты, алдыңкы, чыгаан, жогорку эмес, «салттык» дегенибиздин баары эле эски, уранды, таштанды, жараксыз, кедерги, бейпайда эмес. «Азыркы» менен «салтты» ажыратып, бирине бирин карама- каршы коюш чектелүү гана жагдай- кырдаалда өзүн актарын, орундуу болорун, анын үстүнө мындай айрымалаш дыкаат талдоону талап этерин билишибиз абзел.

Бизге замандаш көрүнүктүү философтордун бири Жанни Ваттимонун кебине кулак салсак: «Ири алдыда биз постмодерн тууралуу айтып жатканыбыз- кайсы бир маанилүү, маңыздуу өңүттө азыркы (modernita) аягына чыкты. Ал эми «азыркы аяктады» дегенди кандай мааниде айтып жатабыз- бул ар бир конкрет учурда «азыркы» дегенди кандай түшүнөбүз, ушуга жараша. Азыркынын аныктамасы көп, бирок, менин оюмча алардын ичинде макул таппай койгус бирөө бар: азыркы- бул заманбап болуш ( башкача айтканда- «азыркы болуш», орусча айтканда «быть современным») өзүнчө бир баа- барк алган доор. Менимче, италия тилинде гана эмес, башка көптөгөн тилдерде кимдир бирөөнү «реакционер» десең, аны шылдыңдагандай угулат; «реакционер»- илгеркинин баа- барктарын тутунган, салтка, ой- санаанын «артта калган» формаларына баш ийген адам. Азыркы жашоо- турмушту ушундай же ушуга окшотуп макташ, азыркыга «эвлогикалык» мамиле- менин баамымамда, азыркы маданиятты бүтүндөй мүнөздөгөн нерсе» (3, 7- бет). Ваттимо- масс- медиа коомунун өзгөчөлүгүн таамай түшүнгөн ойчулдардын бири. Ал европоцентризмди жээрип, маданияттын көп түрдүүлүгүн онтологиялык негизде аныктаганга аракет кылат. «Алсыраган ой», «алсыраган реалдык» түшүнүктөрүнүн негизинде адамзат цивилизациясынын жаңы доорун алгылыктуу мүнөздөшкө кадам койгон философтордон. Натыйжада салтка да башкача көз караш зарыл экенин аңдайбыз. Адамзаттын «бир, туташ тарыхы» жана ага байланышкан «прогресс» түшүнүктөрүн сынчыл баа- баамдан өткөрүп, алар чектеген мазмунга камалбай, социомаданий ар түрдүүлүктү, тарыхый өнүгүштүн көп кырдуулугун туура түшүнсөк, анда салт менен азыркынын карым- катышын да башкача карашка жол ачылат.

Морис Хальбвакс (1877- 1945) «салт- азыркынын тирик эстутуму» деп эсептейт. Албетте, ушундай. Бирок, салт эстутум менен гана чектелбесин да ачык-айкын баалап- баамдашыбыз зарыл. Салт- азыркынын өзүн өзү аңдап- аныктаганына негиз болгон кыйыр (горизонт) жана азыркынын өз болочогун утурлаган кыял- оюн нукка салган алкак.

Салттын барлыгы- анын сакталганы. Башкача айтканда, белгилүү бир иш- аракет нечен жолу кайталанат, шарт- кырдаалга жараша кайсы бир деңгээлде өзгөрүп- жаңыланса да, негизинен кейип- кебетеси, ырааторду, аткарылыш эби- ыгы белгилүү тартипте сакталып турат. Салт сактаган, аны билген, анын аткарылышын көзөмөлдөп, жөнгө салган тарап болот. Салт бузгандар наалат угат, жаза алат. Салтты кыйшайтпай кармагандар алкышка арзыйт, башкаларга өрнөк саналат, бедел таап, сый- урмат күтөт. Чындай келгенде, «коомдук» ( социалдык) дегендин өзү салтка негизделет. Салт коомдук турмуштун, адамдардын чогуу жашашынын, бирге эмгек этишинин зарыл шарты, ажырагыс касиети. Салт сакталбаса, биргелешкен жашоо- турмуштун белгилүү бир ыраат- тартиби болбосо, коом түзүлүшү ыдырап, социалдык институттар кыйрамак.

Албетте, коом турмушун тейлеген, иреттеген, жөнгө салган көптөгөн механизмдер, структуралар, технологиялар, ык-жолдор бар. Коомдун уюшуна, жашашына, өсүп- өнүгүшүнө тиешелүү ички заң- мыйзамдар болот. Карл Маркс (1818- 1883) муну «табигыйтарыхый процесс» атаган. Башкача айканда, алар адамдын каалоо- тилегине, мүдөө- муктажына, кыял- оюна гана баш ийбейт. Парламент кабыл алган укук чектеген, укук коргогон мыйзамдар, башка тишелүү бийлик органдары бекиткен токтом, чечимдер болот. Коомдун жашоосу өзүнчө тартип, ирет орнотот. «Социал ченем» (норма) аталган жол-жоболор катмары турат. Кайсы бир жагдай- кырдаалдан улам кайталанып отуруп, адатка айланган, көнүмүшкө өткөн нерселер бар. Мына ушундай көп кырлуу, көп кабаттуу коомдук кубулуш, окуя, иштердин арасынан «салтты» тааный билиш, айрып караш адамдын курчаган дүйнө менен ойдогудай карым- катыш күтүшүнө шарт түзөт. Ошонун аркасында салттын орду туура аныкталат, ага татыктуу мамиле жасалат.

Адам баласы үчүн салт «тышкы», сырттан таңууланган нерсе эмес. Адам салттын «ичинде». Адам баласы салттын кучагында жашайт. Наристе кезинен «кой», «болбойт», «жаман» деген тыюларды өздөштүрөт. Кандай кылганда ою орундалат, көздөгөнүн алат, каалаганы болот- муну түшүнө баштайт. Канткенде башка адамдар аны колдойт, ага жардам берет, ал эми кайсы учурда алардан какки- сокку жейт, аларга жакпайт-

муну баамдап- баалаганга көнөт. Ошентип, кичинекейибизден «адамдык салтына» баш ийе баштайбыз. Салттын ак- карасы, жакшы- жаманы, пайда- зыяны тууралуу кийин ойлошубуз ыктымал. Көбүнчө ойлонбой эле салт жолун тутунабыз. Салт теориясын түзгөндөрдүн бири Эдвард Шилс (1911- 1995) минтип жазат: «Салтты кабылдап, тутунгандар аны «салт» аташка муктаж эмес, салттын кабыл алынышы өзүнөн өзү жүзөгө ашат. Кабыл алынган соң, салт аны тутунгандар үчүн алардын башка иш- аракет жана ой- ишенимдери сыяктуу эле жандуу жана жашоо- турмушка зарыл нерсе болуп калат» (8.14- бет). Бу пикирдин Гётенин айтканы менен үндөшүп турганын баамдаңыз.

Салт менен «күрөш», салт менен чыр- чатак кылыш абдан кыйын, өтө татаал экенин да көрөбүз. Жеңгендерге караганда жеңилгендер көп. Ошол эле кезде адамдын адамдыгы салтты «сокур» ээрчибей, белимчи туурабай, өз акыл- эсине негиздеп сакташына байланыштуу. Салттын сакталышы же «унутулушу» адамдын ой- түшүнүгү, ниет- максаты менен гана эмес, ири алдыда ошол салт орногон, кыналган, жуурулушкан практиканын үстөмдүгүнө же алсырашына жараша болот. Салт таптакыр катып калган сөңгөк эмес, ал өсүп турган дарак сымал. Мезгил, кырдаал, шарт талабына шайкеш келгени үчүн, жаңы аймак, жаңы иш- аракеттерге ылайык болгону үчүн кайсы бир нерсе салтка айланып, өзүнүн салт касиетин сактап турат. Эгер тарыхтын кийинки тилкесинде керектен чыкса, колдонушка жарабай калса, тиешелүү иште убара- убайымды көбөйтсө, алдыга жылышка кедерги болсо, андай иш- аракет жолу салт болуштан калат. Ушундан улам «традиция жана инновация», «эски жана жаңы» маселеси келип чыгат. Албетте, бул жеңил- желпи, сөз менен жайгарып койчу маселе эмес. Кээде мындай карама- каршылык күчөп, салт менен жаңычылдыктын тиреши коом, адам турмушунда атүгүл мүшкүл жаратып, кайгы- муңга себепчи болушу ыктымал. Бирок, чыныгы салт ар дайым ийкемдүү касиетке ээ. Себеби, жашоотурмуштун, практиканын өз максат-мааниси, шарт- жагдайы, талап- тартиби бар. Бул салттын жаңыланышына, өзгөрүшүнө алып келет. Маселен, үйлөнүү окуясын алалы. Салт үчүн үйлөнүшпөйт, үйлөнүш үчүн салт сакташат. Жашоонун мыйзамы ушул- эрезеге жеткен жигит колукту алат, бойго жеткен кыз күйөөгө тиет. Кыргызча муну «турмуш курушат» дейбиз. Демек, сүйүшкөн эки жаш баш кошуп, жаңы үй- бүлө түзүп, бала- чакалуу болуп, эл арасында өзүнчө орун алып, турмуш көчүн улашат. Алар муну «салт ушундай экен» деп жасашпайт. Максат- маани жашо-о-турмуштун жолун улашка, адам парзын аткарууга байланышат. Бирок, үй- бүлө куруш үчүн «ата- бабадан калган салтты сактайлы» деп, улуттук каада- салттын талап- тартибин кармanышат, шаани- шөкөтүн, ырым- жырымын жасашат. Ошондо Кудай алдында, эл алдында жаңы үй- бүлө «мыйзамдашат», өз укугуна ээ болот, өз акысын алат. Ал эми үйлөнүүгө тиешелүү салт доорго жараша, турмуш жагдайына жараша ар элде, ар жерде азбы- көппү өзгөрүп жүрүп отурат. «Салттын жаңыланышы» жашоо- турмуштун башка аймактарына да тиешелүү экенинде шек жок.

Кыргыз маданиятында «жаңырган салттын» мыкты үлгүлөрү катары азыркы кездеги улак тартыш оюнун же айтыш өнөрүн белгилесек болот. Алар жаңы эрежелерге ылайык, жаңыча ыраат- тартип күтүп, улуттук маданияттын демине дем, күчүнө күч кошуп отурат, ЮНЕСКОнун деңгээлинде кадыр-барк алып, «адамзат жетишкен маданий мурас» катарына кирди. Кыргыз элинин салттуу музыкасынын тарыхын жана теориялык маселелерин изилдөө да музыкалык мурастын өзү улуттук кимдиктин калыптанышында жана бекемделишинде маанилүү орун ээлей турганын тастыктайт (1). Ал эми кыз узатардагы кошокчу? Кээде кыз тойдо кадимки кошоктун обону менен «кошуп» жүрүшөт. Таптакыр өөн учурап, жаман көрүнөт. Илгерки заманда, албетте, «кыз кошоктун» жүйөөлүү орду, ошо турмушка ылайыктуу жарашыгы болгон. Бирок, азыркы заманда бу салтты улагыбыз келсе, улуттук кааданы унутпайлы десек, анда муну «жаңылап», «ичи- тышын» оңдоп, трансформация жасашыбыз керек. Салттын «жаңыланышы», албетте, маданият саясатына, жарандык коомдун ар- намысына да жараша болот. Жаңы өрнөк, үлгү жаралып, анын таралышы колго алынышы шарт.

**Адабият:**

1. Аманова Р.А. Кыргыздын оозеки салттагы профессионалдык музыкасы.- Бишкек: Илим, 2023.- 346 с.
2. Бөкөшов Ж. Салт жана билим (Когнитивдик антропологияга карай). – Бишкек: Улуу тоолор, 2014. - 207 б.
3. Ваттимо Дж. После христианства. – Москва: Три квадрата, 2007.- 160 с.
4. Генон Р. Кризис современного мира.- Москва: Эксмо, 2008.- 784 с.
5. Кьеркегор С. Страх и трепет. – Москва:Республика, 2010.- 193 с.
6. Морен Э. К пропасти. – СПб: Алетея, 2011.- 136 с.
7. Хайдеггер М. Время и бытие.- Москва: Республика, 1993.- 452 с
8. Shils E. Tradition.- Chicago: University of Chicago Press, 1981.- 334 p.